**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.10.16.525 ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда
УДК: 82.193(575.2)(043.3)

**ЖАМАНБАЕВА КАНЫМЖАН КЕҢЕШОВНА**

# КОРГООЛ ДОСУ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА САЛТТУУЛУКТУН УЛАНТЫЛЫШЫ ЖАНА ӨЗДҮК ЧЕБЕРЧИЛИК

10.01.01 - кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

БИШКЕК-2017

Диссертациялык иш Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Манас», фольклор, акындар чыгармачылыгы» бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи**: филология илимдеринин доктору, профессор **Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Абдыкадыр Садыкович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Сыдыкова Рахима Сыдыковна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы, Дареги: 722026, Каракол шаары, Ж.Абдырахманов көч, 103.

Диссертациялык иш 2017-жылдын «17» мартында саат 13:00дө филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу түзүлгөн Д.10.16.525 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертациялык иш менен КРУИАнын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Автореферат 2017-жылдын « 16 » февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**: Кыргыз элинин оозеки маданиятынын гүлдөө доору эсептелген XIX кылымдын аягы XX кылымдын баш чендеринде ырчылык өнөрдү чыгармачылыктын бийиктигине чыгарууда Арстанбек, Музооке, Чоңду, Эсенаман, Калмырза, Жеңижок, Токтогул, Коргоол, Алымкул, Эшмамбет, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул өңдүү кыргыз залкарлары чоң эмгек жумшаган. Коргоол Досу уулу дагы ар өнөрдүн башын бириктирип, ырчылык өнөрдө өзүнө ылайык чыгармачылык жолду түзүп, жаңылыктарды киргизген залкар талант болгон. Андыктан анын көп кырдуу чыгармачылыгы, акындык өзгөчөлүгү, айтыштары өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Себеби, башка акындар сыяктуу эле Коргоол элдик оозеки адабиятта, акындар чыгармачылыгында канча кылымдан бери жандуу кубулуш катары сакталып келген салттуулуктарды андан ары улантуу менен өздүк чыгармачылык бөтөнчөлүктөргө ээ акын экенин көрүүгө болот. Ал турмуштагы көзү көрүп, баамы жеткен нерселердин баарын ырга кошуп, кайсы тематикада, эмне жөнүндө ырдабасын табигый уйкаштыгы так төкмөлүгү, ар бир ырын мазмунуна жараша мукам обон менен коштоп, эл алдында тартынбай аткаруусу, ырларынын өзгөчө логикалуу, ырааттуу айтылышы, айтышта ар бир соболго аргументтүү жообу, табышмактуу суроолору менен өзгөчөлөнгөн мыкты устат экени, элдик күүлөрдү кол ойното бабына келтире чертип элдин черин жазган күүчүлүгү тууралуу илимий баа берип, бул өнөрлөрдү аркалоодогу Коргоолдун башка өнөрлөштөрүнөн өзгөчөлөнгөн касиеттерин аныктоо бүгүнкү адабият таануу илимиинин алдындагы милдети деп койсо болот.

Акындар чыгармачылыгынын тарыхында Коргоолдун аты Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет сындуу акындардын ысмы менен биргеликте көп эле эскерилип, а түгүл Токтогулдун чыгармаларын жыйноо, жазып алуу иштеринде негизги айтуучу катары саналып, адабий мурастары тууралуу жакынкы он жылдыктын аралыгында бир топ проблемалар козголуп, чыгармачылыгы тууралуу газета-журналдык макалалар, эскерүүлөр, конференциялык докладдар жазылып жүргөнү менен акындын өмүр жолу, чыгармачылык ишмердүүлүгү жөнүндө атайын талданган илимий эмгек болбогон. Коргоол тууралуу буга чейин жазылгандар акындын ыр жыйнактарындагы баш сөздөр, акындар чыгармачылыгына тиешелүү фундаменталдуу эмгектердеги портреттик мүнөздөгү иштер экенин көрөбүз. Демек, өзүнө доорлош акындар менен үзөңгү кагыша чыгармачылык менен алектенип, акындар

чыгармачылыгында өз ордун жаратып койгон Коргоол Досу уулунун кыргыз адабият тарыхынан алган ордун белгилеп, чыгармаларына объективдүү баа берүү учурдун талабы. Иштин актуалдуулугу да ушунда.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен болгон байланышы.** Илимий изилдөөнүн темасы КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий иштеринин планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Коргоолдун чыгармаларынын жарык көргөн ыр топтомдорун талдоого алып, анын чыгармачылыгын жараткан конкреттүү тарыхый, коомдук шарттарды эске алуу менен ырчылык, инсандык мүнөзүн ачуу, чыгармаларынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен акындын жекече чыгармачылык почеркин көрсөтүү, ырларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, ыр курулушун талдоого алуу болду.

Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** астыбызга койдук:

- Коргоолдун чыгармачылыгынын калыптануу этаптарын белгилөө;
- Токтогул жана башка акындар менен чыгармачылык байланышын талдоого алып, салттуулук жана өз алдынчалуулук белгилерин ачып берүү;
- Коргоолдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
- Чыгармаларынын идеялык багытын, тематикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- чыгармаларынын жанрдык көп түрдүүлүгүн аныктоо;
- акындын чыгармаларынын поэтикалык өзгөчөлүгүн ачып берүү;
- учурдун талабына жараша илимий жол менен буга чейинки айтылган ой-пикирлерди анализдөө, өз аргументибизди ортого салуу.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Биринчи жолу өмүрү, чыгармачылык жолу илимий талдоого алынып жаткан кыргыз акындарынын бириКоргоол Досу уулунун чыгармачылыгына арналганында. Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет, Калык, Осмонкул сыяктуу акын-ырчыларындын катарында Коргоол ырчынын чыгармачылыгы боюнча диссертациялык деңгээлде алгачкы илимий-теориялык эмгектин жазылышы, иштин жаңылыгы болуп эсептелинет.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси.** Акындар поэзиясынын тарыхында Коргоолдун өмүр-таржымалы тууралуу коплекстүү талданган илимий эмгек буга чейин жазылбаган. Диссертация бул багыттагы кийинки эмгектерге саамалык катары көмөк көрсөтүп, акын тууралуу айтылган ой-пикирлер илимий изилдөөнүн алгачкысы катары мындан

кийинки Коргоолду изилдөөчүлөргө таяныч болуп бермекчи. Экинчи жагынан, акындар чыгармачылыгынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири – Коргоол ырчынын көркөм феноменин түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын Коргоолдун жеке чыгармачылыгын үйрөнүүдө, окуу куралдарын жазууда, атайын курстарды өтүүдө, дипломдук, курстук иштерди аткарууда колдонсо болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Коргоол - акындар чыгармачылыгында өзүнө ылайык чыгармачылык бөтөнчөлүккө ээ төкмө акын экени;
- Коргоолдун чыгармачылык калыптануусу башка акындар сыяктуу эле таасирленүү, үйрөнүү, көнүгүү, элдик лирикалык чыгармаларды аткаруу, жамакчылык, төкмөлүк сыяктуу салттуу жолду улантышы;
- Коргоолдун чыгармачылык өнөрканасы байыртадан бери акындардын чыгармачылыгында жандуу көрүнүш катары сакталган салттуулуктардын нугунда өнүгүшү. Анын төкмөлүктүн салтынан, синкерттүүлүктөн, устат-шакирт маселесинен жана ыр куруу, көркөм каражаттарды пайдалануудан көрүнүшү;
- Ошону менен катар эле акындын өзүнө ылайык чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тематика тандоода, элдик жанрларды жаңы ыкмада жарата билиши;
- Коргоол – айтыш өнөрүнүн таланттуу өкүлү экени;
- Коргоол – акындыгы менен бирге мыкты күүчү, аткаруучу экени;
- Коргоол – куйкум тилдүү сатирик болгону;
- Коргоол – сүйүү ырларынын көрүнүктүү өкүлү экени;
- Коргоол идеялык-тематикалык жактан өзүнө чейинки салттуу темаларды улантып, жанрдык жактан ар түрдүүлүккө ээ болушу;
- Акындын чыгармаларынын көркөмдүк деңгээли, эстетикалык кунары бийик экендиги;

Жалпысынан алганда, Коргоол кыргыз акындар чыгармачылыгында өзүнө ылайык өзгөчөлүктөргө ээ залкар талант экени, анын чыгармачылыгы салттуулук менен өздүк чеберчиликтин айкалышуусунан калыптанганы далилденди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Акындар чыгармачылыгында өз орду бар Коргоол Досу уулунун жалпы чыгармачылыгын системалуу изилдөөгө алууну изденүучүнүн жеке салымы катары кароого болот.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын аппробацияланышы.** Диссертация КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун “Манас”,

фольклор, акындар чыгармачылыгы” бөлүмүндө, Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Кыргыз адабияты” кафедрасы менен Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институттун Окумуштуулар кеңешинин кошмо жыйынында илимий талкуудан өткөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы**. Иштин негизги мазмуну коллективдүү жыйнактарга, КР ЖАК тарабынан белгиленген илимий журналдарга жарыяланган. Иштин айрым бөлүмдөрүнүн материалдары боюнча республикалык масштабда өткөрүлгөн илимий конференцияларда докладдар жасалып, мезгилдүү басма сөз беттерине макалалар жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү**. Изилдөө иши киришүүдөн, эки бөлүмдөн, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, алдына койгон максат, милдеттери, методологиялык негизи, жаңылыгы, теманын актуалдуулугу, коргоого сунуш кылынган жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы чагылдырылды.

Биринчи глава **«Коргоол Досу уулунун өмүрү жана чыгармачылык жолу»** деп аталат. «Маселенин изилдениш тарыхы» деген биринчи бөлүмдүн биринчи параграфында акындын чыгармаларын жазып алуу, жарыялоо, изилдөө тарыхына обзор берилет.

Коргоолдун чыгармаларын жыйноо, жазып алуу иштери XX кылымдын башында колго алынган. Бул багытта бир топ алгылыктуу иштер жасалып, Ж.Таштемиров, А.Мундузбаев, Өзбек Рысбек уулу, Бөкөтай Мустай уулу, Райымбек Мамытов сыяктуу инсандар чогулткан Коргоолдун чыгармалары КР УИАнын Кол жазмалар фондунда (Инв.: №697 (53035), №54 (1914), №476, №713, №856, №1225) сакталып турат.

Акындын чыгармалары алгач 1963-жылы колго алынып, “Коргоол ырчы. Ырлар” деген чакан жыйнак жарык көргөн. Китепчеге кирген чыгармаларды А.Мундузбаев Коргоолдун өз оозунан жазып алып, редакциялап, жарыялаган. Ал эми “Коргоол. Ырлар жана айтыштар” деген аталышта (беш жарым басма табак көлөмүндө) экинчи жыйнакты шакирти Т.Тыныбеков 1981-жылы жарыялаган. Баш сөзүн адабиятчы Ж. Таштемиров жазып, 32 аталыштагы ырлар, айтыштары кирген. Үчүнчү жыйнагын акындын 110 жылдык маарекесинин урматына уулу О.Коргоолов менен О.Соороновдор 1993-жылы түзүп, жарыялашкан. Аталган жыйнактын баш сөзүн, түшүндүрмөлөрү менен О. Сооронов даярдаган. Төртүнчү жыйнакты

акындын 130 жылдык маарекесинин урматына “Коргоол: ырлар, термелер, айтыштар, эскерүүлөр” деген аталышта 36 басма табак көлөмүндө акындын небере кызы М.Ондошева менен С.Батыркуловалар түзүп, жарыялашты.

Коргоолдун чыгармачылыгына илимий пикир айтуу өткөн кылымдын 30-жылдарында Ж.Бөкөнбаевдин “Токтогул жана Коргоол” деген “Кызыл Кыргызстан” газетасына жарыялаган макаласынан башталган дешке болот. Коргоолдун улуу акын Токтогулдун эң жакын шакирти, анын ырчылык, комузчулук өнөрүн улантуучу, акындын өмүр жолу, чыгармачылык бейнесин эң жакшы билип, күүлөрүн ырларын жаздырган информатор катары К.Баялиновдун [Баялинов К. Т.Сатылганов. – Фрунзе, 1954. -132б.], М.Богдановanын [Богданова М. Т.Сатылганов. – М., 1959. -110 с.], В.С.Виноградовдун [Виноградов В.С. Т.Сатылганов жана кыргыз акындары – М., 1990], Ж.Таштемировдун [Таштемиров Ж. Токтогул жана акындык поэзия. – Фрунзе, 1980] Р.З. Кыдырбаеванын [Кыдырбаева Р. Т.Сатылганов. – Фрунзе, 1989] макалаларында, эмгектеринде алгачкы пикирлер айтылган. 1971-жылы кыргыз айтыштарынын жанрдык табиятын аныктагын П.Ирисовдун кандидаттык диссертациясында дагы Коргоолду айтыш өнөрүнүн чебери катары мүнөздөп, анын ырларында Токтогулдун таасири күчтүү экенин белгилейт [Ирисов П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү: филол.и.к окум. дараж. изд. алуу үч. жаз. дисс. – Фрунзе, 1971, – 96-б.] Ал эми акындын өздүк чыгармачылыгына кайрылууда Ж.Таштемиров “Коргоол. Ырлар жана айтыштар” деген чыгармалар топтомунун кириш сөзүндө, “Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде” акындын чыгармачылыгына өз пикирин билдирет. Анда Ниязалы менен Токтогулдан үлгү алганын, эки доорду көрүп жашагандыктан ага ылайыкталган тема, мазмун бар экенин, ал акылмандыкты жогору баалап, тарбия маселесине философиялык көз карашта баа бергенин, чыгармаларында арноо, терме-санат, насыят ырлары басымдуу экенин жазып, бирок, ага өз учурунда туура багыт берилбегендиктен, таланты чөгүп, анын адабий мурасынын көбү унут болуп кеткендигин белгилейт. Совет мезгилинде акындын чыгармачылыгына карата илимий мамиле мына ушул деңгээлде болгон. Эгемендиктин шарапаты менен көркөм адабий туундуларыбызга кайрадан кайрылып, саясаттан тыш чыныгы реалдуулук мүнөзүн аныктап, илимий баа берүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн 1990-жылдардан кийин Коргоолдун чыгармачылыгына кайрылуу иши бир топ жолго коюлду.

О.Коргоолов менен О.Соороновдор “Коргоол: ырлар жана айтыштар” деген чыгармалар топтомунун баш сөзүндөгү жана “Кыргыз адабиятынын тарыхындагы” (7-том) адабий протореттик мүнөздө жазылган

О.Сооронovдун материалы дагы акындын чыгармачылыгындагы айрым фактыларды тактоого негиз берет.

Коргоолдун чыгармачылыгына арналган дагы бир портреттик мүнөздөгү эмгек адабиятчы С.Тиллебаевдин “Унутулган адабият” (2006) деген изилдөөсү. Мында Коргоолдун соңку кырк беш жылдык өмүрү жана чыгармачылыгы ыңкылаптан кийинки мезгилге туш келгендиктен, бул акынды биз ырчылар поэзиясынын экинчи топтогу, б.а. Октябрь төңкөрүшүнөн кийинки топтогу өкүлдөрүнүн катарына кошконубуз оң” [Алахан Садык. Унутулган адабият. – Бишкек, 2006. - 1-китеп. - 250 б.] деген оюн айтат.

Коргоолдун өмүр-жолу, чыгармачылыгы тууралуу адабиятчы Б.Баймырзаев бир катар макалалар циклин жазып, “Эл агартуу” журналынын сандарына жарыялаган. Анын 1-макаласы “Коргоол (Суранчы) акындын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө” деп аталып, бул макалсында автор өзүнө чейин жарык көргөн акындын өмүр жолу тууралуу материалдарга талдоо жасап, акындын адамдык сапатына өзгөчө мамиле жасап, “кыялы чукул, бет келгенинен кайтпаган өжөр, чукугандай сөз тапкан чечен жана адамдыктын ариет-намысын бийик сактаган чынчыл, калыс адам” [Баймырзаев Б. Коргоол акындын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө: 1-макала // Эл агартуу. – 2009. - №7-8. - 17-18-б; Баймырзаев Б. Ашыктык темасы – акын Коргоолдун чыгармачылыгында: 2-макала // Эл агартуу. – 2009. - №7-8. - 19-20-б. ж.б.]катары мүнөздөйт. 2-3макаласы “Ашыктык темасы – акын Коргоолдун чыгармачылыгында”, “Учурашуу ырлары – Коргоол Досуу уулунун чыгармачылыгында” деп аталган макалаларында айтылуу “Ак Бакай” ырынын эл арасында айтылып жүргөн үч түрү (варианты), “Токтогулга биринчи жолукканда”, “Өтө акынга жолугушуу” деген чыгармалары талдоого алынат. Акындын чыгармачылыкта кандай эмгектенгени, кайсы багытта ырдаганы, кандай көркөмдүк-мазмундук касиетке ээ экени Б.Баймырзаевдин “Коргоол Досу уулу – акындык айтыштын чебери”, “Акын Коргоол Досу уулунун айрым айтыштары жана санат-насыят термелери” деген 5-6-7 –макаласында талданат. Автор кийинки жылдарда Коргоолдун чыгармачылыгы изилдөөгө алына баштаса да толук түрүндө такталбай, кош пикир пайда кылган жерлери арбын экени белгилейт.

Жалпылап алганда, улуу акын Токтогул, комузчу Ниязалы, өңдүү комузчу залкарлардан таалим алып, чыгармачылыгын калыптандырганы, учурашуу, алым-сабак айтыштарындагы чеберчилигине, сүйүү, санат-насыят ырларына өзгөчө басым жасалганы буга чейинки изилдөөлөрдө көңүл бурулганы байкалат. Ал эми бул иште акындын куудулдугу, айтуучулук өнөрү тууралуу сыяктуу эскермелерде гана айтылган бөтөнчөлүктөрү кошо

талдоого алынып, акындын өмүр-жолунун, чыгармачылыгынын көмүскөдө калган тарабын көтөрүп, таланттуу акынга толук баасын берүү максаты көздөлдү.

Биринчи бөлүмдүн экинчи параграфы **“Коргоолдун чыгармачылыгынын калыптанышы жана салттуулуктун улантылышы”**деп аталат.

Коргоол-акындар поэзиясында өзүнчө орду бар, түбөлүктүү өлбөс өнөрү, кызыл тили менен калк кадырына ээ болгон элибиздин чыгаан төкмөлөрүнүн бири. Кызы Турсункандын эскерүүсүндө 1882-жылы азыркы Жалал-Абад областынын Токтогул районуна караштуу Чолпон-Ата айылынын жогорку жагындагы Ак-Булак деген жердин Айыкты деген жайыгында жарык дүйнөгө келген [Сооронов О. Бештин бири // Ак таңдай, залкар талант Коргоол Досу уулу: макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2013. -4]. Өз аты Суранчы кийин Коргоол атыгып кеткен. Бала кезинде турмуштун оорчулугун тартып, коллективдештирүү мезгилинде агасы Суранбай экөө колхозго мүчө болот. Кетмен-Төбө менен Таш-Көмүрдү бириктирген жол курулушунда да иштейт. 1929-жылы Узун-Акмат суусунун боюндагы «Кошмо» колхозуна көчүп келип, отурукташып калат. Коргоолдун андан кийинки өмүрүнүн баардыгы ушул аймакта өтөт. 1962-жылы 23-майда узак оорудан кийин дүйнөдөн кайткан. Мына ушул сексен жылдык өмүрүндө Коргоол акындыкты кадимкидей кесип кылып, аны тегеректеп уккан элдин бир эсе жарпын жазып, бир эсе бийликтен корунуп айта албай буйдалган элдин маселелерин көркөм сөздүн күчү менен ырга салат. Коргоолдун атасы Досу комуз чаап, анча-мынча күү да чертчү экен. Сегиз-тогуз жашында атасынын баардык күүлөрүн үйрөнүп алат [Коргоол кызы Турсун. Асыл атам // Кыргыз айылы. – 1991. - №10-11. - 40-б.]. Бул акындын “Өз өмүрүм” деген ырында да ырасталат. Акын 15-16 жашында чыгармачылык шыгы ого бетер артып, айылдыктардын көңүл ачар эрмегине айланат. Чыгармачылыктын сырларын Ниязаалыдан үйрөнөт.

Акын өзү “жыйырмага чыгып жык толдум, жыйган таштай нык болдум”, “ырчы, шайыр көрүнсө, жөөлөп түшүп октолдум” деп айткандай эл арасында жаш ырчы аталып “баркытты кийип жонуна, бакырып жыйын-тобуна” деп ырдап жүргөн кезинде “Токтогул Сибирден келе жатат” деген кабар тарап, эл менен бирге улуу акынды тосууга Коргоол да Беш-Ташты көздөй жөнөйт. Жолдо бара жатып аксакалдар: “- Коргоол балам, сен бала болсоң дагы ырдап акын болуп калбадыңбы? Токомо акындардын салты менен ырдап угуз” дешет. Ошентип, улуу акынга жолугуп, уулу Топчубайды угузуп, Кетмен-Төбөгө келет. Ошондон тарта Токтогулду ээрчип, Кетмен-Төбөнү бүт кыдырып, Коңур-Өзүзгө келип, анда Эшмамбет, Жаңыбай,

Курман,  Бекназарларга, Аксыга барып, Жеңижокко жолугуп, аны менен ырдашат.  Ошол чыгармачылык саякаттан соң акындын ырчылыкка шыгы ого бетер артып, чыгармачылыктын жолуна түшөт.

Коргоол комузчулукту Ниязалыдан үлгү алуу менен өздөштүрсө, ырчылыкты Токтогул менен Жеңижоктон алганы эскерилет. Акындын кызы Турсункандын эскерүүсүндө Коргоол Жеңижок менен Токтогул Сибирден келгенден кийин жер кыдырып ата-баладай чыгармачылык мамиледе болушат. Акындын ырчылык өнөрүндө, пендечилик турмушунда Токтогулдун таасири зор болгонун өзү

Үйрөнүүгө өнөрүн,
Өмүрүмдү арнадым.
Аркасы менен Токомдун,
Акын деген сандамын – деп ачык эле айтат.

Ал тургай Коргоол «Ача тилдүү, ак таңдай Токоңдон калган кербезим» деп өзүн Токтогулдун уландысы катары эсептейт.  Кийин “Өмүрүм”, «Акындар жөнүндө», «Токтогулдун сүрөтүнө”, “Токтогулдун эстелигине”, “Коргоолдун кошуп айтканы” деген  бир катар ырларында улуу устат Токтогул тууралуу бир топ арноо ырларын жаратып,  чыгармачылыгында өзүнчө тема катары устатын даңазалап келди. Чындыгында, шакиртин чукугандай сөз тапкычтыкка, баамчылдыкка, эң негизгиси, турмуш чындыгын тайсалдабай таасын ырдоого көнүктүрдү. Ошондой эле комуз чертүүнүн түрдүү ыкмаларынан тартып, айтышуунун маданиятын, элдик дастандарды ырдоону, ырчылыктын зор эстетикалык күчүн, этикалык маданиятын үйрөткөн.

Коргоолдун чыгармачылыгы анын акын болом деген ички дегдөөсү, өздүк талабы менен Токтогулду жандап, топ жыйында ырдашып, салабаттуу санат куруп жүрүп “ырчы”, “акын” деген атоого арзып, эл оозуна алынат. Ошентип, Коргоол топ жыйында жарчы аталып, айтышка түшсө алдына киши өткөрбөс куйкум тил, курч сөздөрү менен өнөктөшүн өрөөлөп, комуз чертүүдө калкка кадимкидей рахат тартуулоочу бийик өнөрдүн ээси болуп чыга келет. Анын далили катары 1935-жылы Фрунзеде өткөрүлгөн комузчулук жана ырчылык боюнча олимпиадада комуз чертип, ага үн кошуп ырдаган Коргоол биринчиликти алып, сый урматка татыган [Үмөталиев Т. Кириш сөз ордуна. Ырлар жыйнагы  // Коргоол ырчы. – Фрунзе, 1963. –16 б.].

Коргоолдун чыгармачылыгында өнөр үйрөнүү жөндөм, көңүл буруу, эске тутуу өңдүү психологиялык  процесстердин аркасында ички даярдык, кайталоо, элдик ырларды, устаттардын чыгармаларын ырдоо, чыгармачылык таасир өңдүү баскычтардан өткөн. Мына ушундай эриш-аркактуу татаал процесстин аркасында ырчылыктагы төгүп ырдоонун көндүмдөрү пайда болуп, импровизациянын жогорку чегине көтөрүлөт.

Ошентип, Коргоол чыгармачылыкты өздөштүрүүдө дагы байыркыдан келе жаткан салтты улайт. Биринчиден, өнөр үйрөнүүнүн алгачкы учурунда элдик ырларды, атасынын, устатынын күүлөрүн аткарып, ички даярдыгын көнүктүрсө, экинчиден, өз алдынчалыкка өткөндөн тарта акындардын көбү кайрылган салттуу өмүр, карылык, насыят өндүү темадагы ырларды андан ары улантып, терме, учурашуу, угузуу, жар чакыруу, мактоо, кордоо ж.б. үлгүдөгү ырларды жаратты. Бул түрдөгү ырларды кандай болсо ошол калыбында мурунку акындарды ээрчип ырдап койбостон, жеке акындык өзгөчөлүгү, өздүк дүйнөтаанымы аркылуу өз алдынча табылгалар менен жаңылап олтурду.

Коргоол ырчылык менен бирге **күүчүлүк** өнөрдү да бирге ала жүрүп, эл көңүлүн көтөргөнү маалым. Ал алгач Токтогулдун эки ата өткөн тууганы Кулуке Сапаровдон үйрөнгөн “Кара теке талтаң” деген тамашалуу күүнү, кийин атасынын “Кер-өзөнү” баш болгон тогуз күүсүн, устаты Ниязалынын “Сары-барпысын”, “Кер-толгоосун” ар кандай абалда кубулта ойнотуп аткарат. Мындан сырткары Токтогулдун элдик күүлөрүнүн нугунда жаралган өзүнүн “Камбаркан”, “Ботой”, “Кербез”, “Шыңгырама” деген күүлөрүн жараткан. Анын чыгармаларынын башаты катары жаралган “Ак бакайы” учурда элдик чыгарма катары калк арасына тараган. Аталган чыгарма тууралуу Б.Алагушов буларды айтат: “Ак бакай жүрөк түпкүрүнөн кайнап чыккан лирикалык обон менен мөлтүр сөз камыр-жумур жуурулушуп, бири-бирин сүрөөгө алып, ойлоруна ой кошуп, канат жаратып турат. Ал бирде ыр, бирде күү катарында аткарылат”[Баймырзаев Б. Коргоол Досу уулунун санат-насыят, термелери: 7-макала // Эл агартуу. – 2010. - №5-6. - 32-б.].

Башка ырчылардын айырмаланып, Коргоол акындын чыгармачылыгында **куйкум тил, курч сатира** менен ырдалган ырлар арбын. Акындын мүнөзү дагы эч кимден тайманбаган кашкөй, ичиндегисин бетке айткан, катылгандын катыгын берген курч тили менен өзгөчөлөнгөн. Бир жылдары колхоздо чоң чогулуш болуп, аягында концерт уюштурулуп, СССР мамлекетин башкарган Сталинди мактап ырдоо тапшырмасы ошол мезгилдеги райкомдун жетекчилери тарабынан эскертилет. Кезеги келгенде сахнага чыгып, Сталинди мактап келип аягында, катуу сынга алган.

Эл оозунда эмгиче аңыз болуп айтылып жүргөн “Кепич жоголгондогу” ыры – канча уксаң ошончо уккуңду келтирген өзгөчө юморлуу ыр. Кыскасы, Коргоол акындын чыгармачылыгында сатира менен юмор өзгөчө ширелише берилип, чыгармаларынын оозеки абалында болсо дагы эл эсинде көп мезгилдер бою сакталып турушунун бир себеби катары кароого болот.

Элдик оозеки чыгармачылыктан бери уланып, акындар чыгармачылыгында өзгөчө салттуулук катары сакталып келген синкретизм[1] Коргоолдун чыгармачылыгында өзгөчө орунда турат. Мисалы "Ак Бакайы" элдик ыр өнөрүндө классикалык обонго айланган. Бул тууралуу В.В.Виноградов: "Коргоолдун музыкага болгон ышкысы, көркөм ой жүгүртө билүү жөндөмү комикалык, лирикалык, баатырдык, драмалык жана башка образдарды рельефтүү түзө билиши, эмоциалык касиеттерге бай үнү аны башка ырчылардан айырмалап турат. Бул өзгөчөлүктөр, индивидуалдык стили Коргоолду бөлөк акындардын ичинен тубаса музыкант катары айырмалап турат" [Виноградов В.С. Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары. – М.- Л.: Мухгиз, 1952. - 215 с.] – деп бир көргөндө эле жогору баалаган.

Коргоолдун көп кырдуу өнөрүнүн бир кырын ачып көрсөтүп, анын чоң масштабдагы төкмөлүк артыкчылыгын таасындаган өнөрү - **айтуучулугу**. Ал "Курманбек", "Жаныш-Байыш", "Кедейкан", "Касыйкандын баласы Нуржан" деген элдик дастандарды, кенже эпосторду айткандыгы тууралуу маалыматтар бар. Бирок, көпчүлүк маалыматтарда Коргоолдун бул эпос, дастандарды айткандыгы тууралуу эскерүүлөр менен гана чектелген. Чыгармалардын Коргоол айткан варианты же андан жаралган жаңы үлгүлөрү жазылып алынбаган. Бир гана кыргыз менен казак элинде уламыш катары тараган Акбала менен Нурсейиттин ак сүйүүсүн даңазалап, бул дүйнө менен кош айтышкан армандуу махабаты тууралуу баяндын негизинде жаралган "Акбала" аттуу чыгармасы жарык көргөн. Жалпылап алганда, Коргоолдун чыгармачылыгынын калыптанышы акындар чыгармачылыгына мүнөздүү болгон **салттуулуктардын** нугунда өнүктү.

Үчүнчү параграф **«Коргоолдун айтыш өнөрүндөгү устаттыгы**" деп аталып, анда акындын айтыш өнөрүндөгү таланты талдоого алынат.

Коргоол Досу уулу өмүрүндө отузга чукул акындар менен айтышып, кээде алым сабакка өтүп, же учурашуу иретинде ырчылыкты сынашып, өмүрүнүн акырына чейин айтыш өнөрүн улантып келген.

Коргоолдун чыгармачылыгы тууралуу эскерүүлөргө, ырларына баам салсак Аксы тарапта жүргөндө Сейилкандын ашында (айрым маалыматтарда Алымкандын атасы Субан бийдин ашында) Жеңижок ырчы менен алгач ырдашканы тууралуу айтылып жүрөт. Бул чыгармачылык тушоо кесүүдөн кийин Токтогул, Калык, Эшмамбет, Алымкул, Токтосун, Эстебес, Тууганбай өңдүү таланттар менен айтышып, идеялык мазмуну, турмушту чагылдыруу жагынан түрдүү багыттагы айтыштарды мурас катары калтырды.

[1] (гректин – биргелешкен) – байыркы адабиятта жана фольклордо искусствонун бир нече түрүнүн бир эле чыгармачылыкта айкалышып келиши

Эскерүүлөргө таянсак, Коргоолдун экинчи ирет ооз ачып айтыш формасында ырдаганы **Токтогулдун уулу Топчубайды угузуп ырдаган учурашуусу** болгон. Оозеки чыгармачылыктагы угузуу жана жоктоо ырларынын мотивинде жаралган бул чыгарма акындар чыгармачылыгында байыркылардын салтын улап ырдалган Чыңгыз хандын баласы Жучинин өлгөнүн угузуп ырдаган Бука ырчынын угузуу ырынан кийин эле ырдалган бийик үлгүдөгү салттык угузуу ыры деп баалоого болот. Ошол угузуу ырынан кийин Коргоол Токтогул менен бирге «Акындардын Аксыдагы айтышы», «Коргол менен Токтогул», «Токтогул, Коргол, Эшмамбет, Бекназар, Кулукенин айтышы» деген айтыштарга катышып, бирде эл көңүлүн көтөрүп чымчылашып тамашалашып айтыш курса, бирде улуу сөздүн учугун улап, уламалуу санат сөздөн кеп кылышат.

Коргоол - айтыш жанрынын байыртадан бери карай калыптанган салттуулуктарын улантып, бул жанрдын совет мезгилинде дагы өмүр сүрүшүнө чоң салым кошкон акын. Анын айтыштары мазмундук жана формалык жактан уруучулдук-феодалдык мамилелерди ашкерелеп, адамкерчиликтин бийик үлгүсүн даңазалаган идеяны улап, өзүнөн кийинки жаш шакирттерин тарбиялоодо дагы ошол нукту сактоого аракет кылган. Коргоолдун айтыштарында жаш муундагы шакирт ырчыларды тарбиялоодо элдин биримдиги, адамкерчилик, калыстык сыяктуу асыл сапаттар, ырчылык өнөрдүн улуулугу, устатка таазим кылуунун бийик үлгүсү даңазаланды. Анын айтыштары совет мезгилине чейинки айтыштын мазмунун, формасын толук бойдон сактап, жаңы заманды өзгөчө идеализациялап, эмгек алдыңкысын, чарбанын мыктысын, сүт төгүү, эт өндүрүү, жер иштетүү сыяктуу совет мамлекетинин жетишкендиктерин ашыра даңктап, даңазалап ырдоодон алыс туруп, чыныгы калктын көңүл ачуучу эл эрмегине айланды.

Иштин экинчи главасы **“Коргоолдун чыгармаларынын идеялык-тематикалык багыты жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү”** деп аталып, үч параграфка бөлүнөт. Биринчи параграф “**Коргоолдун акындар чыгармачылыгындагы салттуу темаларды улантышы жана өздүк чеберчилик”** деп аталып, акындын ырларынын тематикалык бөтөнчөлүктөрү талданат.

Адабий өнүгүштүн улам кийинки чыгармачылыкта улантылган салттуулуктары акындардын чыгармаларынын тематикалык көп түрдүүлүгүнөн көрүнөт. Коргоол да акындык өнөрдөгү салттуу болуп калган темада ырларды жаратып, өзүнө чейинки акындардагы көтөрүлгөн проблеманы андан ары улантып, өз көз карашын, жекече тааным-туюмун чагылдырууга аракет кылган. Акындын өмүргө саресеп салуусу улгайган кезинде ырдалып, Токтогулдун чыгармасындагы “өзөнгө элим толсочу, өмүр

өтпөс болсочу” же Эшмамбеттин “өмүр барда ойногун, өмүрүң өтөт ойлогун” деген өмүрдүн түбөлүксүз экени, ага тойбоо Коргоолдо:

Алтын өмүр жасалга,
Абыдан керек адамга.
Сынган буюм өңдөнүп,
Керексиз жатсаң жаман да.
“Эки жыл бир жыл турсам” – деп,
Мен деле
Мойнумду сунбайм ажалга! [Коргоол: Ырлар, термелер, айтыштар, эскерүүлөр. – Бишкек, 2013. - 47-б. Мисалдар мындан ары ушул китептен алынгандыктан беттери гана көрсөтүлөт] – деп ажалга моюн сунбай дагы көпкө жашагысы келгенин билдирүү менен түбөлүксүз дүйнөдө жашап жатканын билдирген философиялык ой камтылат. Акындардын “Ашыктык жөнүндө арман жаш”, “Жыргалы сенсиң дүйнөнүн”, “Балалык”, “Гүлдөп ал”, “Эмне кызык”, “Өмүр” сыяктуу ырларында чагылдырылган өмүр-жаш ырларынан айырмаланып, Коргоолдун **“Өз өмүрүм”** аттуу чыгармасы адамдык, акындык тагдыр жолундагы урунтуу учурларды ырга айлантып, автордук «менин» бийик көтөрүп, автобиографиялык темага кайрылат. Ошол эле ырында акындарда салттуу болуп ырдалган карылыкты Коргоол “айнектей көздүн жарыгын жоготуп”, “казанат болуп арыганын”

Ок тийген турна баштанып,
Арбаңдатты карылык.
Арыктаган текедей,
Тарбаңдатты карылык.
Тилим катты таңдайга,
Тырыш түштү маңдайга [47-б.] – деп өзгөчө салыштыруулар менен көркөм сүрөттөп берүүгө жетишет. Ал эми Коргоол дүнүйөнү ырга салууда анын түбөлүксүз экенине басым жасап, табигый жаңылануу, “жаралуу жана жок болуу” деген философиялык ойду берүүгө аракет кылган.

Коргоолдун чыгармаларын тематикалык жактан талдай келгенде элдик сүйүү ырларынын шедеврине айланган атактуу “**Ак Бакайды**” айтпай кетүүгө болбойт. Ашыктык арзуудан жаралып, сөзүнө обону дал келип, эл көңүлүнөн орун тапкан Барпынын “Мөлмөлү”, Боогачынын “Үкөйүнүн” катарында “Ак Бакай” махабатты даңазалаган классикалык үлгүдөгү ыр катары Коргоолду сүйүү ырларынын мыкты чебери экенин далилдейт.

Бешенең күндүн нурундай,
Көкүл чачың желпилдейт.
Алтын байрак туундай.
Аркасынан байкасам,

Тулпардан туулган кулундай [49-б.].

Коргоолдун “Токтогул коруш болду сөзүмө”, “Кош айнек болду көзүмө”, “Кара ташты как жарган”, “Кубатын берди өзүмө” деп устатына урмат көрсөтүп ырдаган ырлары өзүнчө бир тематиканы түзүп турат.

Жер жарылса акындын жүрөгү менен өтөт деген сыңыры Коргоол өз заманынын өйдө-ылдыйын, көзү көрүп билгендердин баарын ырга салган. Ал “Сталинчил акынбыз, Сталинге катынбыз” деп өлкөдөгү саясаттын айрым көрүнүштөрүн сынга алганы менен ырларында “кедейге жарык нур чачып, өрт болуп тийген зулумга”, “кулун даакы тон кийип, кууураган жайын сураган. Сай ташындай бириндеп, чачылганды кураган” Лениндин жакырларга кылган саясатын түпкүлүгүндө колдойт.

Коргоол – **согуш** учурун да көргөн акын. Ал каргашалуу бул окуя тууралуу “Согушка кетти балдары”, “Өзү келди жанчкыла” деген ырларын жаратып, майданга кеткен балдарга, тылдагыларга ыры менен демөөр берип турду.

Капыстан келип кол салып,
Калкыма кылды каргаша.
Калкымдагы жаштарды,
Кан майдан көздөй айдаса.
Качырып мен да кирмекмин,
Карылык келип калбаса [83-б.].

Коргоолдун чыгармачылыгында өзүнчө тема катары жалпы чыгармачылыгында бөлүнүп турган ырлар – бул **арноолору**. Элдин коомдук абалы, максат-мүдөөсү менен тыгыз байланыштуу болуп, жеке бирөөгө же окуяга арналган арноо ырлары [Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. - Бишкек, 1994. –18-б.] Коргоолдун чыгармачылыгында жаңы багыт катары өзгөчө ырдалган. “Жоомартка”, “Чилдебайга”, “Асанбайга”, “Карыпбайга”, “Кади ырчыга”, “Актан балама” деген ырлары арноо ырларынын тобун түзүп турат. Акындын арноолору көлөмү жагынан кыска келип, көбүнчө айылдаштарына, замандаштарына, шакирттерине арналган. Коргоолдун арноолорундагы замандын жаңырышынан келип чыккан бир каалоону байкайбыз. Ал арак маселеси. Акын шакиртерине болобу, айылдаш инилерине болобу “Берилип кетип жүрбөгүн, Арак деген шайтанга”, “Көнүп кетип жүрбөгүн, Көбүргөн даамды татканга”, “Ичкен адам көп ооруйт, Чабылба өзүң капканга” –деп андан алыс болууга үндөйт.

Демек, Коргоолдун чыгармачылыгын тематикалык, идеялык жактан жиктей турган болсок, акында элдик поэзиянын нугунда жаралган өмүр-жаш, балалык, карылык, дүнүйө, сүйүү өндүү түбөлүктүү темаларга кайрылуу менен жаңычыл багыттагы бир катар ырларды жарата алды.

Экинчи бөлүмдүн экинчи параграфы “**Чыгармаларынын жанрдык көп түрдүүлүгү”** деп аталат.

Коргоолдун көркөм мурасы жанрдык жактан көп түрдүү экенин байкоого болот. Ал биринчи кезекте элдик оозеки чыгармачылыктын бай арсеналына таянып, анын жанрларын кеңири колодонгон. Айталы, санат, насыят, терме, кошок, угузуу, жар чакыруу өңдүү фольклордук жанрларды калыптанган салттуулукта жана өздүк чеберчилик менен өзгөчө ыкмада аткарып кеткен.

Акындын санат-насыят ырларында “ырыскынын келмеги ынтымактуу жүрүүдө” экени белгиленип, аялзатынын, эр азаматтын жакшы-жаман сапаттары саналып, жакшы аял эрдин, жакшы уул журттун бактысы катары сыпатталат. Коргоолдун санат-насыят ырлары өзү жашаган мезгилдин чен-өлчөмүнөн бааланып, өз заманынын жетишкендиктерин, кемчиликтерин кошо сүрөттөө менен бул жанрларга жаңы бир өң-түс бергенин байкалат.

Коргоол филармонияда иштеп, чыгармачылык чөйрө менен алака-катышта болбой, өз алдынча айылдагы жыйындарда, той-аштарда, базарда эл көңүлүн көтөрүп, түрдүү темада ырдап, элдин жоголгон малы же буюму тууралуу ырчылар чыгармачылыгында салттык мүнөз күткөн жар айтууну жаңыча ыкмада, юмор менен сатиранын коштоосунда уланткан. Бул түрдөгү чыгармаларына “Сур байтал чакырыгы”, “Кепич жоголгондо”, “Кудасов дегендин кула бээсин” издеп жар чакырган ырлары белгилүү. Мисалы: Акындын айтылуу “Кепич жоголгондо” деген ыры

Ичи кызыл тукаба,
Ыразинке чаптаган.
Ырысы жок көлөчтү,
Ырдаса Коргоол таппаган
------------------------------
Жетимиш сом баасы,
Жети күнү кийилбей,

Жетим калды маасы – деп сүрөттөп, элдик арман ырларынын нугунда кепичин жоголгонун “көктөгү булут тоголду”, “көлөчүм бүтүн жоголду”, “асманда булут тоголду”, “апкыты бекем жоюлбас”, “алтыным көлөч жоголду” – деп ырга салат.

Кошок – элдик оозеки адабияттагы каада-салт ырларынын бир түрү. Коргоол дагы элдик салтты улай кошок түрүндө “Токтогул дүйнөдөн өткөндө Коргоолдун айткан кошогу”, “Токтонаалы молдону кошкону”, “Токтогулдун кызы Гүлсайра дүйнөдөн кайтканда кошкон кошогу” деген жоктоо ырларды жаратты. Кийин Ж. Бөкөнбаев дүйнө салганда узун сабак кошкон кошогу эл арасында калып, жазылбай калгандыгы тууралуу

маалыматтар бар [Коргоол: Ырлар, термелер, айтыштар, эскерүүлөр / Түзгөндөр: М.Ондошева, С.Батыркулова / – Бишкек, 2013. - 378-б.].

Ыр формасында да, аспапта аткарылган күү аркылуу да жамандыкты кабарлоо же **угузуу** акындардын чыгармачылыгында өзгөчө мааниге ээ. Адамдын чечендигин, ой тереңдигин, сөз байлыгын, айлана-чөйрөнү баамдоо, кабылдоо, билимдүүлүгүн талап кылган угузуу ырлары Коргоолдун устаты Токтогулдун уулу Топчубайдын дүйнө салганын айтууда өзгөчө ачылган.

Калайлуу туур башынан,
Амандашып көргүчө,
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо, аткардык жалгыз балаңды.

Сен алыстан келгиче,
Элиң аман көргүчө,
Кайгылуу өлүм касынан,
Токо, качырдык жалгыз балаңды [148]

Ал эми элдик акындар чыгармачылыгындагы лирикалык жанрдын бири болгон мактоо Коргоолдун чыгармачылыгында өзгөчө ыкмада пайдаланылып, замандаштарына, айылдаштарына арналат. Акындын мактоолору байыркы замандагы байлардын кылган ишин, жүрүм-турумун даңазалаган “эшик ырчылардын” мактоолорунан кескин айырмаланат.

Токтобектин Калыбай,
Томурганың сары май.
Токтобектин байысың,
Тоонун баары жайытың[164-б.].

Демек, Коргоол кайсы жанрда болбосун акындык өнөргө каалагандай чабыт куруп, чыгармаларын жарата алган.

Экинчи бөлүмдүн үчүнчү параграфында “А**кындын чыгармаларындагы көркөм сөз каражаттары жана ыр курулушу” талданат.**

Коргоол биринчи кезекте элдик поэзиянын көркөм каражаттар арсеналына таянат. Элдик поэзиянын салттуу көркөм каражаттары акындын ырларында органикалык түрдө жуурулушуп, ага жаңы түстөгү образдарды түзүүгө жардам берет. Ал элдик поэзиянын поэтикалык каражаттарын өзүнүн ой-идеясын берүүгө багындырат. Коргоолдо элдик традиция мазмун жагынан гана эмес форманы кабыл алууда да өзгөчө экени байкалат.

Коргоол салттуу поэтикалык формулаларды байма-бай пайдаланып, жаңысын жаратууга аракет кылат. Мисалы: элдик оозеки чыгармачылыкта кезиккен “Бул дүнүйө жалганда, Өлбөй тирүү ким калган” - деген өлүм, өмүр тууралуу философиялык салттуу формула Коргоолдун чыгармачылыгында ушул калыбында да, башка мааниде да вариацияланат.

1-вариант: Ойлоп турсаң калың журт,
Өлбөстөн тирүү ким калган? [68-б.]

2-вариант: Ноктолуу башка бир өлүм,
Аткардык жалгыз баланды [148-б.].
3-вариант: Шум өлүм түпкө жетерсиң,
Качканды коё бербестен [110-б.].

Коргоол салтуу формуланы кандай айтылса ошол калыбында колдоно бербейт. Чыгарманын мазмунуна, андагы негизги ойго карата улам жаңылап, улам вариациялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондой эле «аргымак», «булбул», «күкүк», «торгой» жана башка сөз формулаларды да ыктуу пайдаланат. Мисалы, «**Жез таңдай** элем бир чакта", "**Буудан** элем бир чакта", "Акын Токоң **булбулдун"** ж.б. Акын мындай сөз формулаларга таянып, сүрөттөлөргө жаңычыл маанилик оттенколорду берет.

Көркөм сөз каражаттарын колдонууда сүрөттөлүп жаткан окуянын, кубулуштун өтө маанилүү жагын, артыкчылык касиетин жана элесин даана ачып, окуучуга эстетикалык таасир калтыра тургандай колдонот. Бир эле салыштыруунун, эпитеттин бир канча түрүн колдонушу буга күбө. Мисалы, -дай мүчөсү аркылуу уюшулган ("Отурган жерде айдай бол, Оозго салган майдай бол"), мезгилдик маанини туюндурган ("Абыдан сонун бала убак", "Ашаткы экен чал убак), "сындуу", "сыяктуу", "сымал", өңдүү жандоочтор аркылуу уюшулган ("Ак Бакай, Жаңыдан тийген ай өңдүү, Жаркыны сенде турганбы?") салыштыруулардын уюштурулушу. Ошондой эле тил каражаттары болгон салыштыруулардан башка фразеологизмдерди, метонимия, учкул сөздөрдү арбын кездештиребиз. Айталы, эпитетти ар бир экинчи саптан көрүүгө болот. Мисалы: "Кара жаак, кайкы тил. Кайран устат бууданым» ж.б. Мындай туруктуу эпитеттерден сырткары автордун максатына багындырылып колдонулган өзгөрмөлүү эпитеттер да көп. Мисалы, бир эле карылыктын мүнөзүн ачып берүү үчүн "**Балакет баскан** карылык", "**Кызыталак** карылык", "**Кесепеттүү** карылык" ж.б. Мындан сырткары сүрөттөөчү эпитеттер, татаал эпитеттер да арбын.

Коргоолдун ырлары так строфалык бөлүнүшкө ээ эмес. Строфанын өлчөмү сөз маанисине, берилген ойдун бүтүшүнө жараша аныкталат. Көп учурда ыр строфалары эки, үч, төрт ыр саптарынан турса, кээде он, андан да ашык ыр саптарынан куралат.

Сүрөткердин берейин деген ой–сезимин терендетип, көркөмдүүлүгүн арттыруу максатында поэтикалык зарылдуулуктан келип чыккан, поэзиябыздын улуттук өзгөчөлүгүн белгилей турган аллитерация, ассанасты Коргоолдун чыгармаларынан дароо эле байкоого болот.

Акындын ырларындагы уйкаштыктын сөздүк курамы жагынан татаал жана жөнөкөй уйкаш экөөнү тең колдонгонун көрөбүз.

Уйкаштыктын ыр сабындагы ордуна карата кезектүү уйкашты аттама уйкаштыкты көп кезиктиребиз, башкача айтканда, Коргоолдун ырларынын көпчүлүгү аксак, эгиз уйкаш менен ырдалган. Ал эми оромо уйкаш чанда кезиксе, шыдыр уйкаш жокко эсе десек болот.

Чыгармаларда сүрөттөлүп жаткан түшүнүккө, окуяга же бирөөгө атайын назар салуу, көңүлүн ээлөө максатында жазылган кайталоолор акындын ырларында арбын кездешет.

Мисалы: Токтогул чагарына келгенде,
Тили болчу жыландын.
Токтогул чыгарына келгенде,
Күлүгү болчу дубандын [156-б.].

Акындын ырларында бирдей таза муундан курулган ырларга салыштырып караганда бирдей эмес аралаш муундан курулган (башкача айтканда, неравносложенные, смешанные размеры) ырлар көбүрөөк кездешет. Ошонун ичинде оромо же шакекче ыкмадагы муун курулмалары сейрек кездешсе, эгиз (жуп), кайчы ыкмада түзүлгөн муун курулмалары жокко эсе. Анын көпчүлүк ыры аралаш муундан куралган ырлар.

Ааламды багынткан – 6 муун
Акыл жакшы эмеспи – 7 муун
Айгайлашып жоо келсе – 7 муун
Ак түпөк найза колго алып – 9 муун
Астынан тосуп качырбай» ж.б. - 8 муун

Көрүнүп тургандай, Коргоолдун чыгармаларында салттуу болуп калган ыр түзүлүшүнүн муунчул түрүнө негизделген. Анда бирдей муун өлчөмү менен кошо, аралаш муун өлчөмү да ыктуу пайдаланылып, ырларынын ыргактуулугун түзүп, чоң көлөмдөгү, бийик көркөмдүктөгү саптар жаралды.

Коргоолдун чыгармаларынын речитативдүү мүнөзүн да белгилей кетүү керек. Анын ырларынан обондуу ритм өзгөчө байкалып турат. Мындай касиет чыгармалачылыкта чоң мааниге ээ болуп, жазылып алынбаса дагы бүгүнкү күнгө чейин жетип, эл оозунда баштапкы калыбында сакталып калганынын негизи катары кароого болот.

Акындын ырларындагы башкы өзгөчөлүк ыксыз шөкөттөө, ашыкча сөздүн болбогондугунда. Ырларда камтылган ойдо эмоционалдуулук, логикалык ырааттуулук толук сакталып, көркөмдүк деңгээли өтө жогору келип, тил каражаттарын ыктуу пайдаланып, поэзиянын эң мыкты үлгүлөрүн жаратткан. Көркөм чыгарманы куруу техникасын мыкты билген, тилдик кубулуштарды, уйкаштыктарды толук өздөштүрө алган.

## КОРУТУНДУ

**1. Коргоолдун чыгармачылыгынын калыптануу этаптарын төмөндөгүдөй белгилөөгө болот:**

а) үйрөнүү, тажрыйба топтоо: Коргоолдун чыгармачылыгы чакан той-тамашаларда, кыз оюндарында, секетпай, күйгөндөрдү ырдоодон, кыз келиндерге кошок үйрөтүүдөн башталат, бара-бара көңүлү түшкөн нерселерди жамактатып ырдоого өтөт;

б) телчигүү мезгили: өз турмушундагы ак-карасы аралыш ар кыл учурларды ырга салып, эл арасында кадимкидей ырчы аталып жамакчылыктан бийик көтөрүлөт;

в) акырындап жалпы элдик маанидеги ырларды жаратып, байыртадан бери салттуу болуп келген өмүр, өлүм, карылык, дүнүйө тууралуу акындык байкоолорун ырга салып, даңазалуу аш-тойлордо тайманбай ырдап, Жеңижок менен учурашып, Токтогулга баласынын өлгөнүн угузуп, чоң ырчылар менен айтышып, кези келгенде шакирт ырчыларга чыгармачылыктын сырларын үйрөтүүгө жетишет. Бул мезгил акындын калыптануу, өз алдынчалыкка өтүү мезгили эле.

2. **Коргоолдун чыгармачылыгында салтуулукту төмөнкү учурлардан көрүүгө болот:**

а)төкмөлүктүн салттуулугу: Коргоол-чыгармачылык такшалуу этаптарынан өтүп, акындыктын бийик үлгүсүн көрсөткөн айтыш өнөрүнүн мыкты чебери;

б) өнөрлөрдүн жуурулушу (синкреттүүлүктүн) салттуулугу: Коргоолдун чыгармачылыгы өтө ар тараптуу. Ал – мыкты күүчү, комузчу. Ырчылыкта бир эле учурда чыгарманы жаратуучу, обон менен коштоочу, аспап менен шөкөттөп, калк алдында аткаруучу катары кызмат кылып, чыгармачылыкта мурдатан калыптанган синкреттүүлүктүн бийик үлгүсүн көрсөтө алган.

в) өнөр үйрөнүү, үйрөтүү же чыгармачылык муундардын байланышындагы салттуулук: Коргоол - өз кезинде мыкты шакирт, Кади, Алтымыш, Актан Токтосун, Эстебес, Тууганбай өндүү өнөрлүү жаштарга ырчылыктын жол-жобосун үйрөткөн устат болгон;

г) салттуу темаларды улантышы: Коргоол өзүнө чейинки акындарда салттуу ырдалып жүргөн дүйнө, өмүр, балалык, карылык өндүү философиялык маанайдагы ырларды андан ары улантып “Опасыз дүйнө”, “Өмүрүм”, “Карылык”, “Дүйнө” деген ырларын жаратса, санат ырлары, насаат, термелири элдик дидактикалык ырлардын нугунда өнүктү. Ал эми “Ак бакайы” сүйүү ырларынын шедеври катары бүгүнкү күнгө чейин эл оозунда ырдалып келе жатат;

3. **Коргоол – акындар чыгармачылыгында өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ акын.** Чыгармалар акындын жеке турмушу менен байланышта ырдалып, автобиографиялык мотив күчтүү.

Анын “Токтоналы молдону кошкону”, “Калыбай байга ырдаганы” өндүү ырларында салтуу форманы кабыл алуу менен мазмундук жактан жаңыланууну көрүүгө болот. Ошондой эле “Арак жөнүндө”, “Кабак жолун казгандарга” деген ырлары заман талабынан улам жаралган жаңы чыгармалар катары баалоого болот. “Костюм”, “Устаканада” деген ырлары өтө кыска келип, сатиралык мүнөздө ырдалса, “Чилдебайга”, “Асанбайга”, “Карыпбайга” арнаган арноолору юморго сугарылып, жаңыча ыкмада жаралган чыгармалар катары кароого болот.

Акындын жекелик мүнөзүн чагылдырган дагы бир тематика бул жар чакыруулары. Коргоолдун “Кепич жоголгондо”, “Сур байтал чакырыгы” өндүү ырлары - салтуу форманын негизинде жаңычыл мазмундагы жар чакыруунун бийик үлгүсү;

**5. Коргоол – айтыш өнөрүнүн мыкты өкүлү**. Коргоолдун “Токтогулга Топчубайдын өлгөнүн угузган” учурашуу айтышы угузуу ырынын мыкты үлгүсү. Ошондой эле “Өтө акынга жолугушуу”, “Актан менен Коргоолдун учурашуусу”, “Токтосундун учурашканы” өңдүү учуршуу, ал-жай сурашуу маанисинде ырдалган айтыштары Коргоолдун учурашуу ырларынын салттык жүрүшүн улаганын көрсөтүп турса, “Акындардын Аксыдагы айтышы”, “Коргоол, Эшмамбет”, “Токтогул, Бекназар, Кулукенин” айтыштары өнөр сынашуу максатында ырдалган чыныгы айтыштын үлгүсү катары кароого болот. Коргоол - кордоо айтышынын да мыкты өкүлү. Бул тууралуу устаты Токтогул “кордоп ырдоо жагынан, Коргоолго эч ким” жетпей турганын белгилейт. Буга Чүрөк ырчы менен айтышуусу күбө. Демек, Коргоол айтыштын ар бир түрүндө өнөр сынап, бет келген акындарын ыгына жараша кордоп же мактап ырдап, айтыш өнөрүнүн мыкты чебери экенин көрсөтө алган.

**5. Коргоолдун чыгармалары жанрдык жактан ар түрдүү**. Ал санат-насыят, терме, угузуу, учурашуу, айтыш, мактоо, жар чакыруу, эскерүү ж.б. жанрларда чыгармачылыгын өнүктүргөн. Мындай чыгармаларды ал эзелтеден келе жаткан накыл сөздөрдөгү дидактикалык маанини өзүнүн чыгармачылык өнөрканасынан өткөрүп, өз мезгилинин талаптарына ылайык ойлор менен байытып, жаңыча мазмун сыйдырып элге тартуулаган.

**6. Коргоолдун чыгармаларынын тили бай жана көркөм.** Ал башка акындар сыяктуу эле ырларын жаратууда оозеки чыгармачылыкта мурдатан калыптанып калган улуттук поэзиянын көркөм арсеналына таянат. Мурдатан формула катары кабыл алынган сөздөрдү, сөз айкаштарын ыктуу пайдаланат.

Ошону менен бирге эле Коргоол турмуш чындыгын чагылдырууда бөтөнчө сүрөткердик почерки бар акын.

Жыйынтыктап айтканда, Коргоол - артында зор поэтикалык мурас калтырган залкар талант. Акындын адабий мурастары эл турмушун таасын чагылдырган, тарбиялык мааниси зор чыгармалар катары адабияттын тарыхында өз орду бар дешке болот.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну төмөнкү макалаларда жарыяланды:**

1. Жаманбаева, К.К. Использование средств художественного слова в творчестве кыргызских акынов (на примере творчества Коргоол Досу уулу) [Текст] / К.К. Жаманбаева // Вестник экономической безопасности. – 2016. -№1. – С.370-372.
2. Жаманбаева, К.К. Обращение акынской поэзии к фольклорным традициям (на примере произведений Коргоол Досу уулу) [Текст] / К.К. Жаманбаева // Образование. Наука. Научные кадры. – 2016. - № 2. – С.211-214.
3. Жаманбаева, К.К. Коргоолдун чыгармаларынын жанрдык көп түрдүүлүгү [Текст] / К.К. Жаманбаева // Айтматов окуулары – 2015: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. - Бишкек, 2015. - 442-446-бб.
4. Жаманбаева, К.К. Коргоол Досу уулунун салттуу темаларды улантышы [Текст] / К.К. Жаманбаева // Манастан Чыңгыз Айтматовго карай: проблемалар жана көз караштар: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2016. - 109-113-бб.
5. Жаманбаева, К.К. Коргоолдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү [Текст] / К.К. Жаманбаева // БГУнун Жарчысы. – 2015. - №3-4 (33-34).- 333-336-бб.
6. Жаманбаева, К.К. Коргоол менен Жеңижоктун айтышы [Текст] / К.К. Жаманбаева // БГУнун Жарчысы. – 2015. - №3-4 (33-34). - 339-341-бб.
7. Жаманбаева, К.К. Коргоолдун күүчүлүгү жана башка өнөрлөрү [Текст] / К.К. Жаманбаева // БГУнун Жарчысы. – 2015. - №2 (32). - 84-87-бб.
8. Жаманбаева, К.К. Коргоолдун ырчылыгынын калыптанышы [Текст] / К.К. Жаманбаева // БГУнун Жарчысы. – 2015. - №2 (32). - 92-95-бб.
9. Жаманбаева, К.К. Коргоол Досу уулунун чыгармаларынын изилдениш абалы (1-макала) [Текст] / К.К. Жаманбаева // Кыргыз тили жана адабияты. -2015. - №27. - 146-149-бб.
10. Жаманбаева, К.К. Коргоолдун чыгармачылыгы абадиятчы Б.Баймырзаевдин изилдөөсүндө [Текст] / К.К. Жаманбаева // Кыргыз тили жана адабияты. – 2015. - №27. - 149-157-бб.
11. Жаманбаева, К. Коргоолдун чыгармачылыгындагы кошок, угузуу ырларынын өзгөчөлүктөрү [Текст] / К.К. Жаманбаева // Юнусалиев окуулары – 2015: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2015. - 306-311-бб.

**Жаманбаева Канымжан Кеңешовнанын "Коргоол Досу уулунун чыгармачылыгында салттуулуктун улантылышы жана өздүк чеберчилик" деген темада 10.01.01-кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**


## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр**: Акындар поэзиясы, акын, фольклор, айтыш, акындык салт, өздүк чеберчилик, тематика, жанр, импровизация, поэтика.

**Изилдөөнүн объектиси**: Илимий ишти жазууда акындын өмүр таржымалы, чыгармачылык бөтөнчөлүгү тууралуу жазылган дээрлик бардык эмгектер информаторлор тарабынан буга чейин чогултулуп, жарык көргөн жыйнактар, жалпы акындын мурастары объект катары пайдаланылды.

**Изилдөөнүн максаты**: Коргоол Досу уулунун чыгармачылыгына баа берүү, акындар чыгармачылыгындагы калыптанган салттуулуктарды жана акындын өздүк чеберчилигин жана улуттук адабиятыбыздагы ордун ачып көрсөтүү.

**Изилдөө усулдары:** Коргоол Досу уулунун көркөм мурасын изилдөөдө салыштырма-тарыхый, анализ, синтез, системалаштыруу ыкмалары колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңылыгы**: Акындар поэзиясынын ири өкүлү Коргоол Досу уулунун чыгармачылыгынын кеңири изилдөө объектисине алынып олтурушу жана акындар чыгармачылыгында акындын өздүк чеберчилиги талдоого алынып, акындар поэзиясынын контекстинде системалык-тарыхый байланышта изилденгендиги да өзгөчө мааниге ээ.

**Колдонуу боюнча сунуштар**: Изилдөөнүн жоболору жана тыянактары акындар чыгармачылыгынын тарыхын окуп үйрөнүүдө, окуу китептери менен окуу куралдарынын мазмунун жаңылоодо сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү**: Илимий иштин материалдары менен жыйынтыктары адабият тарыхы менен акындар поэзиясын толуктоого багытталат жана адабият таануубуздун ар түрдүү маселелерин тактоого, жогорку окуу жайларда филолог адистерди даярдоодо, жалпы билим берүүчү мектептерде колдонсо болот.

**Резюме**

**диссертации Жаманбаевой Канымжан Кеңешовны**
**“Традиционализм и индивидуальное мастерство в творчестве Коргоола Досу уулу” на соискание учёной степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература.**

**Ключевые слова**: айтыш, акын, акынская поэзия, акынские традиции, жанр, импровизация, индивидуальное мастерство, поэтика, устно-поэтическое наследие, фольклор.

**Предмет исследования** – источники и материалы историко-культурного процесса (биография акына, литература о его творчестве, свидетельства современников, архивные источники, записи информаторов, изданные сборники произведений) ожизни и творчестве Коргола Досу уулу.

**Объект исследования –** черты своеобразия и традиционных начал в творчестве акына, его наследие как часть литературного контекста эпохи.

**Цель исследования** – типологическая оценка творчества Коргоола Досу уулу, раскрытие традиционных черт акынской поэзии, показ индивидуального мастерства, определение места акына в процессе становления национальной литературы.

**Методология исследования** – сравнительно-исторический подход к этапному явлению национальной культуры, компаративистское рассмотрение синкретической целостности акынского творчества, типологический аализ и историческая систематизация.

**Результаты исследования и научная новизна**: впервые введение в научный оборот творчества одного из крупнейших представителей акынской поэзии Коргоола Досу уулу как факта общенациональной фольклорно-литературной культуры Кыргызстана, итоги его аналитического рассмотрения в системно-исторической связи с акынской поэзией.

**Рекомендации по использованию**: результаты исследования могут быть использованы на гуманитарных факультетах университетовх КР при изучении истории национального фольклора и литературы, при обновлении содержания соответствующих учебников и программ вузов и средней школы.

**Область применения** – академическая сфера, высшее образование, культура, сферы профессиональной подготовки специалистов-филологов, общеобразовательная школа страны.

**Summary**

**Dissertation of Zhamanbaeva Kanymzhan Кеңeshovna**

**“Traditionalism and individual skills in creation of Korgool Dosu uulu” for the degree of Candidate of Philological scince in specialty 10.01.01 - Kyrgyz literature.**

**Keywords:** Aitysh, akyn, akyn poetry, akyn tradition, genre, improvisation, individual skill, poetics, oral and poetic heritage and folklore.

**Subject of research** - the sources and materials of historical and cultural process (akin biography, literature about his work, testimony of contemporaries, archival sources, informants recording, published collections of works) about life and work of Korgol Dosu uulu.

**The object of study** - the features of identity and traditional principles in the work of akyn, his legacy as a part of the literary context of the era.

**The purpose of the study** - assessment of typological creativity of Korgool Dosu uulu, the disclosure of the traditional features of akyn poetry, display of individual skill, determination of the place akyn in the process of formation of national literature.

**Research methodology** - comparative-historical approach to the landmark event of the national culture, comparative examination of the syncretic integrity of akyn creativity, typological analysis and historical systematization.

**The results of research and scientific innovation:** for the first time introduced into scientific circulation the work of one of the greatest representatives of poetry akyn Korgool Dosu uulu as a fact of national folklore and literary culture of Kyrgyzstan, the results of its consideration of the analytical system-historical connection with akyn poetry.

**Recommended use:** results of the study can be used for humanitarian faculties of universities of KR in the study of the history of national folklore and literature, when you update the content of relevant textbooks and curricula of universities and secondary schools.

**Scope** - the academic sphere, higher education, culture, the sphere of training of specialists-philologists, secondary schools.